# Осмон Айбашов атындагы орто мектебинин мугалимдердин админстрация менен болгон мамилеси боюнча жобо

1. Мугалимдер мектеп директору жана орун басары менен биргеликте ар дайым ишенимдүү мамиле түзүп бири-бирин түшүнүп иш алып баруусу керек.

2. Директор жана анын орун басарлары ар дайым тажрыйбалуу, кесипкөй, лидер мугалимдерге ишенишет.

3. Мугалимдер директор жана орун басарлары менен биргеликте көптөгөн көйгөйлөрдү чечүүгө аракет кылышын жактырышат.

4. Мугалимдер директордун жана анын орун басарларынын сунуштарын жана берген тапшырмаларын туура кабыл алса, иштин жүрүшү оң натыйжасын берет.

5. Директор жана анын орун басарлары мугалимдерди сырткы агрессивдүү коомчулуктан мыйзам чегинде коргоп турусуу зарыл.

Осмон Айбашов атындагы орто мектебинде окуучулардын танапис учурдагы жүрүш турушу.

1. Мектеп имаратынын ичинде жана тегерегинде танапис убагында өзүн тынч, таптиптүү алып жүргөнгө милдеттүү.

2. Коридордо же тепкичтерде алдынан мугалим же башка улуу адамдар чыгып калса жол бошотуш керек.

3. Мектепке кирүү жана чыгууда башкаларды түртпөш керек, улууларды сыйлоо керек.

4. Танапис учурунда дараатканага барып колду самындап милдеттүү түрдө жууш керек.

# Осмон Айбашов атындагы орто мектебинин мугалимдердин ортосундагы бири бири менен мамилеси боюнча жобо

1. Мугалимдер бири -бири менен баарлашып тыгыз байланышта болуп туруусу керек

2. Мугалимдер бир биринин ачык сабагына киришип тажрыйба алмашып талкуугa катышып туруусу зарыл.

3. Ар бир мугалим жекче жүргөндү "Индивидуализм" деген адатты жойуш керек.

4. Мугалимдер бири биринен сурашып "сен кандай соун сабак өтүп жатасың" , Мен дагы ошондой сабак өткүм келет. деп пайдалуу кеңештерди сурай алат.

5. Мугалимдердин ынтымагы жана таасири менен окуучулар дагы кызматташып мыкты билим ала алышат.

Осмон Айбашов атындагы орто мектебинин мугалимдердер ортосундагы менен окуучунун мамилеси боюнча жобо

1. Мугалимдер менен окуучунун ортосунда мамилени жакшыртуу үчүн ар дайым тынымсыз аракеттер, мугалим тарабынан болуп турушу керек.

2. Окуучу ар дайым мугалимден татыктуу билим алып, үлгү алып, сый көрсөткөндү үйрөнүшү керек.

3. Мугалим менен окуучу ар дайым жылмайып бири-бирине жакшы мамиле жасап, агрессивдүү терс энергияны азайтып туруусу зарыл .

4. Мугалим менен окуучунун ортосунда ар дайым Эрете болуш керек.

М: мугалим ролу кандай ? Окуучу ролу кандай ? Эреже бузулганда көз жумуп койсоңуз сизди олутту кабыл алышпайт.

5. Мугалим окуучулардын жетишкендиктерин баалап, келечек ээлерин тарбиялап ортосунда конфликт болбош керек.

Осмон Айбашов атындагы орто мектебинин мугалим ортосундагы менен коомчулуктун мамилеси боюнча жобо

1. Мугалимдер коомчулук менен ар дайым биргеликте кызматташып жакшы маанайда мамиле түзүп туруусу керек. Коомчулуктун ичинде эң негизгиси окуучунун ата-энеси чоң ролго ээ.

2. Ата-энелердин жыйналышы алар менен бетме-бет сүйлөшүү, баарлашуусу көпчүлүк мугалимдер ушул жолду тандашат.

3. Ата- энелер дагы коомчулук дагы мектеп менен мыкты өнөктөш болуп окуучулардын тартибине , билим алуусуна жардамдашып турса эң жакшы натыйжасын берип турат.

4. Мугалимдер коомчулук менен иштөөдө тез-тез байланышып туруусу керек. Көйгөй жаралганда гана ата-эненин чакырбастан, жагымдуу кабарлар, жакшы маалыматтар менен чакырып туруусу зарыл.

5. Ата-энелердин уялчаактыгы, баласынын окуусуна кызыкпагандыгы, мектепке келүүсүнө балдардын тоскоолдук кылышы мугалимдер менен болгон мамилени өзгөртүүгө алып келет.